**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭСЕПТӨӨ ПАЛАТАСЫ**

**БИШКЕК ШААРЫ, ЧҮЙ жана ТАЛАС ОБЛАСТТАРЫ БОЮНЧА АЙМАКТЫК БӨЛҮНҮШҮ**

720040, Бишкек ш., Киев көчөсү, 96 «Б»
тел.: (312) 664299, факс (312) 623518

**СЧЕТНАЯ ПАЛАТА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**ТЕРРИТОРИАЛЬНОЕ ПОДРАЗДЕЛЕНИЕ по г. БИШКЕК, ЧУЙСКОЙ и ТАЛАССКОЙ ОБЛАСТЯМ**

720040, г. Бишкек, ул. Киевская 96 «Б»
тел.: (312) 664299, факс (312) 623518

«09.12» 2019 г. № 01-4/140

на № ____________ от ____________

**Ысык-Ата районунун Кочкорбаев айыл өкмөтү**

# ЖАЗМА БУЙРУК

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшү, Ысык-Ата районунун Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-январынан тартып 2018-жылдын 31-декабрына карата мезгил аралыгындагы бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча, Кыргыз Республикасынын" Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" мыйзамынын 8- беренесине ылайык, жазма буйрук берет:

1. Аудиттин жыйынтыгын карап чыгып, белгиленген финансылык бузууларды жана кемчиликтерди жоюу жана мындан ары болтурбоо боюнча иш-чаралар жүргүзүлсүн.
2. Аудиттин жүрүшүндө аныкталган:

   -"Бел-Булак" жайыт пайдалануучулардын бирикмесинен муниципалдык имаратты пайдалангандыгы үчүн 3,4 миң сом ижара акысы өндүрүлгөн жана бюджетке которулгандыгы;

   -Кенеш айылындагы суу көлмөсүнүн ижарачысынан 6,0 миң сом ижара акысы жана 7,6 миң сом жер салыгы өндүрүлүп, бюджеттин кирешесине калыбына келтирилгендиги эске алынсын.
3. Бюджеттин киреше бөлүгүн толтуруу максатында АЧЖМФ жерлерин толугу менен пайдалануу боюнча иш чаралар жүргүзүлсүн.
4. АЖМФ жерлери үчүн ижара акылар боюнча карыздарды өндүрүү боюнча таасирдүү чаралар көрүлсүн.
5. Мындан ары, Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» мыйзамынын талаптары аткарылсын. товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуулар конкурстук негизде жүргүзүлсүн.

Көрүлгөн чаралар жөнүндө маалымат бир айлык мөөнөттө Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Бишкек шаары, Чүй жана Талас областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнө берилсин.

**Жетекчи** А.С. Тажиев

Аткарган: Мамлекеттик инспектор : Н.Алиев, тел/факс 0312623518